КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕҢЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА ОРГОЧОР

**ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИНИН XXVIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН №3-КЕЗЕКСИЗ СЕССИЯСЫ**

# ТОКТОМ

**2024-жылдын 21-июнундагы № 12** **Оргочор айылы**

**“Тиешелүү аймактын экономикалык өнүгүүсүн камсыз кылуу, ошондой эле инвестицияларды жана гранттарды тартуу” жергиликтүү маанидеги маселени башкаруунун тартибин бекитүү тууралуу.**

2021-жылдын 20-октябрындагы №123 “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” КР Мыйзамынын 27 жана 34-беренелерине ылайык Оргочор айыл өкмөтүнүн башчысы Ж.К.Жумашовдун дыйкандарды сугат суу менен камсыз кылуу боюнча чаралар жөнүндө сунушун угуп, Оргочор жергиликтүү кенештин сессиясы токтом кылат:

1. «Тиешелүү аймактын экономикалык өнүгүүсүн камсыз кылуу, ошондой эле инвестицияларды жана гранттарды тартуу» жергиликтүү маанидеги маселени башкаруунун тартиби (мындан ары - Тартип) бекитилсин, анын ичинде дыйкандарды сугат суу менен камсыз кылуу маселелерин тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Бекитилген функцияларды аткаруу, кызмат көрсөтүүнү уюштуруу жана милдеттерди аткаруу бөлүгүндө Тартиптин аткарылышын айыл өкмөтүнүн башчысы Ж.К.Жумашов камсыз кылсын.

3. Токтомду Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин расмий веб-сайтына жайгаштырып, юстиция органына мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн иш кагаздарын алып баруу жагы жергиликтүү кеңешинин жооптуу катчысы Э.Тариеловага тапшырылсын.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жергиликтүү кеңештин Финансы -пландоо маселелер боюнча туруктуу депутаттык комиссиясына тапшырылсын.

Төрага А. Тыныбеков

1- тиркеме
Оргочор жергиликтүү кеңешинин
2024-жылдын 21-июнундагы №12
токтомуна

**«Тиешелүү аймактын экономикалык өнүгүүсүн камсыз кылуу, ошондой эле инвестицияларды жана гранттарды тартуу» жергиликтүү маанидеги маселени чечүүнүн алкагында фермерлердин сугат сууга жетүүсүн камсыздоо боюнча кызматтардын, функциялардын, милдеттердин тизмеси.**

| № | Кызматтын/функциянын/милдеттин аталышы | Аткаруу үчүн жоопту |
|---|---|---|
| | **1. Кызматтар** | |
| 1.1. | Суу пайдалануучуларга сугат суусун жеткирүү | Суу пайдалануучулар ассоциациясы/ муниципалдык ишкана (макулдашуу боюнча) |
| | **2. Функциялар** | |
| 2.1. | Айыл өкмөтүнүн башчысынын бассейндик кеңештин ишине катышуусу | Айыл өкмөт башчысы |
| 2.2. | Муниципалдык менчиктин реестринде ирригациялык курулуштардын эсебин жүргүзүү | Айыл өкмөтүнүн финансы-экономика бөлүмү |
| 2.3. | Кызмат көрсөтүүчү менен ирригациялык курулуштарды пайдалануу келишимин түзүү, кол коюу жана аткарылышын көзөмөлдөө | Айыл өкмөтүнүн финансы-экономика бөлүмү |
| 2.4. | Суу пайдалануу, ирригациялык системаларды эксплуатациялоо жана тейлөө эрежелерин иштеп чыгуу жана бекитүү | Айыл өкмөт башчысы Жергиликтүү кеңеш |
| 2.5. | Райондук суу чарба башкармалыгы менен сугат суусун берүү келишимин түзүү жана аткарылышын көзөмөлдөө | Айыл өкмөт башчысы |
| 2.6. | Сууну пайдалануу, ирригациялык системаны эксплуатациялоо жана күтүү эрежелерин бузгандыгы үчүн суу пайдалануучулардын административдик жоопкерчилик маселелери боюнча административдик комиссиянын ишин уюштуруу | Айыл өкмөт башчысы Жергиликтүү кеңеш |
| 2.7. | Ирригациялык кызматтар үчүн акы төлөөнүн наркын эсептөө жана бекитүү (ПИУ) | Айыл өкмөт башчысы Жергиликтүү кеңеш |
| 2.8. | Барскоон айыл аймагында ирригацияны өнүктүрүүнүн инвестициялык программасын иштеп чыгуу жана бекитүү | Айыл өкмөт башчысы Жергиликтүү кеңеш |
| | **3. Милдеттенмелер** | |
| 3.1. | Сугат объекттерин кызмат көрсөтүүчүгө муниципалдык менчик катары пайдаланууга берүү | Айыл өкмөт башчысы Жергиликтүү кеңеш |
| 3.2. | Ирригациялык курулуштарды күтүү үчүн амортизациялык төлөмдөрдү толук же жарым-жартылай компенсациялоо | Айыл өкмөт башчысы Жергиликтүү кеңеш |

| | | |
|---|---|---|
| 3.3. | Суу пайдалануучулардын айрым категорияларына субсидияларды бөлүү | Жергиликтүү кеңеш |
| 3.4. | Субсидиялар аркылуу кызмат көрсөтүүчүнүн чыгымдарынын ордун толтуруу | Айыл өкмөт башчысы |

**Жооптуу катчы** **Э.Тариелова**